# ОТЧЁТ
# Совета директоров ОАО «Кыргызтелеком» по итогам 2025 года

Настоящий отчёт отражает результаты деятельности Совета директоров ОАО «Кыргызтелеком» за 2025 год и содержит сведения о ключевых итогах работы, реализованных мероприятиях и принятых управленческих решениях.

В отчётном периоде Совет директоров обеспечивал стратегическое руководство Обществом, контроль реализации приоритетных проектов, а также надзор за финансово-хозяйственной деятельностью. Взаимодействие с исполнительным органом, профильным отраслевым министерством и государственными структурами способствовало сохранению преемственности государственной поддержки и эффективному использованию ранее созданных условий для развития Общества.

В 2025 году ОАО «Кыргызтелеком» завершило реализацию проекта государственного значения Digital CASA – Кыргызская Республика, который стал важным этапом формирования современной телекоммуникационной инфраструктуры страны. Реализация проекта позволила создать технологическую основу для дальнейшего развития, расширения спектра услуг и повышения их качества.

Отчётный год ознаменовал переход от этапа реализации масштабных инфраструктурных проектов к активному развитию коммерческой деятельности во всех сегментах телекоммуникационного рынка. Ключевую роль в данном процессе играет опорная сеть волоконно-оптических линий связи Общества, обеспечивающая связность значительной части территории Кыргызской Республики.

Приоритетными задачами в 2025 году являлись рост доходов, повышение качества обслуживания абонентов, модернизация сетевой инфраструктуры и внедрение инновационных технологий. Наличие развитой телекоммуникационной сети позволило обеспечить высокий уровень надёжности и устойчивости предоставляемых услуг.

По итогам 2025 года консолидированные доходы Общества составили 2 542,6 млн сомов, увеличившись на 202,6 млн сомов по сравнению с 2024 годом. Расходы составили 2 500,6 млн сомов, что на 11% выше показателя предыдущего года. Консолидированная чистая прибыль составила 42,0 млн сомов. Снижение прибыли по сравнению с 2024 годом обусловлено недополучением доходов по отдельным проектам, а также значительными затратами на выполнение государственных и социальных обязательств, включая обеспечение связью государственных мероприятий и объектов.

Вместе с тем, при отсутствии указанной нагрузки (около 60 млн сомов ежегодно) финансовые результаты Общества могли бы быть существенно выше, что свидетельствует о наличии потенциала для дальнейшего повышения эффективности деятельности.

В рамках развития инфраструктуры и повышения качества услуг в 2025 году:

- завершено строительство 3836 км волоконно-оптических линий связи;
- обеспечен доступ к сети Интернет для 3882 социальных объектов;
- организованы новые трансграничные соединения с Республикой Узбекистан и Республикой Казахстан;
- завершено подключение международных точек обмена интернет-трафиком (IXP) в городах Бишкек и Ош;
- реализован запуск транспортного кольца «Север–Юг» с резервированием и высокой пропускной способностью;
- осуществлён запуск технологии GPON по всей территории Республики.

В отчётном периоде реализованы мероприятия по цифровизации и повышению качества обслуживания: внедрена система управления взаимоотношениями с клиентами (CRM), реализована возможность оплаты услуг с использованием QR-кодов, запущен

обновлённый корпоративный сайт, расширены цифровые сервисы и онлайн-платформы.

В целях повышения операционной эффективности проведена оптимизация инфраструктуры, включая вывод из эксплуатации 31 неэффективной станции связи. Продолжена работа по автоматизации ключевых бизнес-процессов.

Общество продолжило участие в реализации государственных и социально значимых проектов, включая «Безопасный город», «Чистое небо», а также инициативы по развитию цифровой инфраструктуры регионов.

Дополнительно следует отметить развитие международного сотрудничества, включая взаимодействие с зарубежными операторами связи, направленное на развитие транзитного потенциала Кыргызской Республики и интеграцию в международные телекоммуникационные маршруты.

## Деятельность Совета директоров

Совет директоров осуществлял деятельность в рамках предоставленных полномочий на постоянной основе. В период с 1 января по 31 декабря 2025 года состав Совета директоров не менялся.

В соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об акционерных обществах» решением акционеров (протокол внеочередного общего собрания акционеров от 22 августа 2022 года) в состав Совета директоров избраны:
Муратов Тимур Муратович — председатель Совета директоров;
Сулайманов Дамир Токтобаевич — член Совета директоров;
Эшманбетов Чингиз Султанбекович — член Совета директоров.

За отчётный период:

- проведено 30 заседаний;
- рассмотрено 72 вопроса и принято соответствующее количество решений;
- обеспечена посещаемость заседаний на уровне 99,5%;
- рассмотрено 33 входящих обращения и направлено 89 исходящих документов.

Основные направления принятых решений включали подготовку годового общего собрания акционеров, определение стратегических целей и политики деятельности, рассмотрение финансовой отчётности, кадровые вопросы, одобрение крупных сделок, утверждение внутренних документов и иные вопросы.

Таким образом, деятельность Совета директоров была направлена на обеспечение устойчивого развития Общества, повышение эффективности корпоративного управления и контроль финансовой стабильности.

## Ключевые вопросы, рассмотренные Советом директоров

В отчётном периоде особое внимание уделялось следующим вопросам:

- Контроль реализации проекта Digital CASA – Кыргызская Республика;
- Рассмотрение и одобрение мероприятий по стратегии развития Общества;
- Согласование реализации имущественных активов;
- Урегулирование обязательств перед государственными органами;
- Утверждение плана работы Совета директоров;
- Реорганизация структурных подразделений;
- Обеспечение соблюдения принципов политической нейтральности;
- Рассмотрение и утверждение финансовых результатов деятельности Общества за 2025 год.

**Стратегия развития**

Стратегические цели развития ОАО «Кыргызтелеком» на 2022–2025 годы утверждены решением Совета директоров и актуализированы в 2024 году. В 2025 году осуществлялся системный контроль за реализацией стратегического плана.

В отчётном периоде реализованы меры по повышению финансовой эффективности, включая оптимизацию затрат, модернизацию процессов и повышение эффективности использования ресурсов.

ОАО «Кыргызтелеком» располагает развитой инфраструктурной базой и обладает необходимыми предпосылками для дальнейшего расширения сети волоконно-оптических линий связи, внедрения современных технологий широкополосного доступа и активного участия в развитии цифровой экономики.

Совет директоров отмечает положительные результаты деятельности Общества по итогам 2025 года, высокую степень готовности к дальнейшему устойчивому развитию, а также конструктивное взаимодействие с акционерами, государственными органами и партнёрами, способствующее достижению стратегических целей Общества.

**Председатель Совета директоров** **Т.М.Муратов**

**«Кыргызтелеком» ААКнын Директорлор кеңешинин**
**2025-жылдын жыйынтыгы боюнча ОТЧЁТУ**

Бул отчёт «Кыргызтелеком» ААКнын Директорлор кеңешинин 2025-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын чагылдырат жана негизги көрсөткүчтөр, ишке ашырылган чаралар жана кабыл алынган башкаруучулук чечимдер тууралуу маалыматтарды камтыйт.

Отчёттук мезгилде Директорлор кеңеши Коомдун стратегиялык башкаруусун камсыз кылып, артыкчылыктуу долбоорлордун аткарылышын көзөмөлдөп, ошондой эле финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүздү. Аткаруучу орган, тармактык министрлик жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү мамлекеттик колдоонун туруктуулугун сактоого жана мурда түзүлгөн шарттарды натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берди.

2025-жылы «Кыргызтелеком» ААК мамлекеттик маанидеги Digital CASA – Кыргыз Республикасы долбоорун ийгиликтүү аяктады. Бул долбоор өлкөнүн заманбап телекоммуникациялык инфраструктурасын түзүүдө маанилүү этап болду. Долбоорду ишке ашыруу кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүүгө жана сапатын жогорулатууга технологиялык негиз түздү.

Отчёттук жыл ири инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу баскычынан телекоммуникация рыногунун бардык сегменттеринде коммерциялык ишмердүүлүктү активдүү өнүктүрүү этабына өтүү менен белгиленди. Бул процессте Коомдун була-оптикалык байланыш линияларынын таяныч тармагы негизги ролду ойнойт жана Кыргыз Республикасынын аймагынын олуттуу бөлүгүн байланыш менен камсыз кылат.

2025-жылы негизги артыкчылыктуу милдеттер болуп кирешени көбөйтүү, абоненттерди тейлөөнүн сапатын жогорулатуу, тармактык инфраструктураны модернизациялоо жана инновациялык технологияларды киргизүү эсептелди. Өнүккөн телекоммуникациялык тармак кызмат көрсөтүүлөрдүн ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылууга мүмкүндүк берди.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Коомдун консолидацияланган кирешеси 2 542,6 млн сомду түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 202,6 млн сомго өстү. Чыгымдар 2 500,6 млн сом болуп, өткөн жылга салыштырмалуу 11%га көбөйдү. Таза пайда 42,0 млн сомду түздү. Пайданын төмөндөшү айрым долбоорлор боюнча кирешенин жетишсиздиги жана мамлекеттик жана социалдык милдеттенмелерди аткарууга кеткен олуттуу чыгымдар менен шартталды.

Ошол эле учурда, мындай жүктөм (жылына болжол менен 60 млн сом) болбогондо, Коомдун финансылык көрсөткүчтөрү кыйла жогору болмок, бул ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун мындан ары да жогорулатууга мүмкүнчүлүк бар экенин көрсөтөт.

Инфраструктураны өнүктүрүү жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу алкагында 2025-жылы:

- 3836 км була-оптикалык байланыш линиялары курулуп бүткөрүлдү;
- 3882 социалдык объект интернетке кошулду;
- Өзбекстан Республикасы жана Казакстан Республикасы менен жаңы трансчегаралык байланыштар түзүлдү;

- Бишкек жана Ош шаарларында интернет-трафик алмашуу түйүндөрү (IXP) ишке киргизилди;
- «Түндүк–Түштүк» транспорттук шакекчеси резервдик системалар менен ишке киргизилди;
- GPON технологиясы өлкө боюнча жайылтылды.

Отчёттук мезгилде санариптештирүү жана тейлөөнүн сапатын жогорулатуу боюнча бир катар чаралар көрүлдү: CRM системасы киргизилди, QR-код аркылуу төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү, жаңыланган корпоративдик сайт ишке кирди, санариптик кызматтар кеңейтилди.

Операциялык натыйжалуулукту жогорулатуу максатында инфраструктура оптималдаштырылып, 31 натыйжасыз байланыш станциясы жабылды. Негизги бизнес-процесстерди автоматташтыруу иштери улантылды.

Коом мамлекеттик жана социалдык маанидеги долбоорлорго катышууну улантты, анын ичинде «Коопсуз шаар», «Таза асман» жана региондордо санариптик инфраструктураны өнүктүрүү демилгелери.

Ошондой эле эл аралык кызматташтык өнүгүп, чет өлкөлүк байланыш операторлору менен өз ара аракеттенүү аркылуу Кыргыз Республикасынын транзиттик потенциалын жогорулатууга багытталган иштер жүргүзүлдү.

## Директорлор кеңешинин ишмердүүлүгү

Директорлор кеңеши өзүнө берилген ыйгарым укуктардын алкагында туруктуу негизде иш жүргүздү. 2025-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин Кеңештин курамы өзгөргөн жок.

Акционерлердин чечими менен (2022-жылдын 22-августундагы кезексиз жыйындын протоколу) Кеңештин курамы төмөнкүдөй:

- Муратов Тимур Муратович — Директорлор кеңешинин төрагасы;
- Сулайманов Дамир Токтобаевич — мүчө;
- Эшманбетов Чингиз Султанбекович — мүчө.

Отчёттук мезгилде:

- 30 жыйын өткөрүлдү;
- 72 маселе каралып, тиешелүү чечимдер кабыл алынды;
- катышуу деңгээли 99,5% түздү;
- 33 кирүүчү кайрылуу каралып, 89 чыгыш документ жөнөтүлдү.

Негизги чечимдер акционерлердин жыйынын даярдоо, стратегиялык максаттарды аныктоо, финансылык отчётту кароо, кадр маселелери, ири келишимдерди бекитүү жана ички документтерди кабыл алуу менен байланыштуу болду.

## Каралган негизги маселелер

Отчёттук мезгилде төмөнкү багыттарга өзгөчө көңүл бурулду:

- Digital CASA-KP долбоорун көзөмөлдөө;
- стратегияны бекитүү жана ишке ашыруу;
- активдерди башкаруу;
- мамлекеттик органдар алдындагы милдеттенмелер;
- Кеңештин иш планы;
- түзүмдүк өзгөрүүлөр;
- саясий бейтараптуулукту сактоо;
- финансылык жыйынтыктарды бекитүү.

## Өнүгүү стратегиясы

2022–2025-жылдарга карата стратегия 2024-жылы жаңыланып, 2025-жылы анын аткарылышы көзөмөлдөндү. Натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн чыгымдарды оптималдаштыруу жана процесстерди жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү.

«Кыргызтелеком» ААК кеңири инфраструктурага ээ жана була-оптикалык тармакты мындан ары кеңейтүү, кең тилкелүү интернет технологияларын киргизүү жана санариптик экономиканы өнүктүрүүгө активдүү катышуу үчүн бардык шарттарга ээ.

Директорлор кеңеши 2025-жылдын жыйынтыктарын оң баалап, Коомдун туруктуу өнүгүүгө даярдыгын жана акционерлер, мамлекеттик органдар жана өнөктөштөр менен натыйжалуу кызматташуусун белгилейт.